**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**Б. ДЖАМГЕРЧИНОВ атындагы ТАРЫХ, АРХЕОЛОГИЯ**
**ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**
**Ж. БАЛАСАГЫН атындагы КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 07.23.674**

Кол жазма укугунда

**УДК: 39.573.2(575)(04)**

**АБДИЕВА АЙШАХАН МУХАМАТКУЛОВНА**

# КЫРГЫЗДАРДЫН ӨСҮМДҮКТӨРДҮ ТААНЫП БИЛҮҮСҮ ЖАНА АЛАРДЫ КОЛДОНУУСУ
**(XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)**

**07.00.07-этнография, этнология жана антропология**

Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иштин

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек - 2025**

Диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин А. А. Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун филологиялык жана педагогикалык билим берүү кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** **Асанканов Абылабек,** тарых илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы тарых, археология жана этнология институтунун директору, УИА академиги

**Расмий оппоненттер:** **Тынчтыкбек Кадырмамбетович Чороев (Чоротегин),** тарых илимдеринин доктору, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин профессору

**Момунбаева Назира Соорбековна,** тарых илимдеринин кандидаты, КР Улуттук тарых музейинин жаңы мезгил тарыхы боюнча секторунун башчысы

**Жетектөөчү мекеме:** И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Кыргызстан тарыхы жана этнология кафедрасы (Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51)

Диссертация 2025-жылдын 30-апрелинде саат 14.00 Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Джамгерчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин (доктору) кандидаты окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.23.674. диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: (Бишкек шаары, Чүй проспектиси, 265-а). Коргоонун онлайн шилтемеси: https://vc.vak.kg/b/072-tsx-zg7-bvj

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасында (Бишкек ш., Чүй проспектиси, 265-а.), Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин илимий китепканасынан (Бишкек ш., Жибек Жолу 394, №8 окуу корпусу), ошондой эле https://vak.kg/ сайтынан таанышууга болот. Дареги: Бишкек ш.,Чүй проспекти, 265-а.

Автореферат 27-март 2025-жылы таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,**
**тарых илимдеринин доктору, доцент:** **Бикбулатова А. Р.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Азыркы ааламдашуу жана илимий техникалык өнүгүү жигердүү алгалап бараткан учурда этностор менен аларды курчап турган табигый чөйрөнүн ортосундагы мамиле актуалдуу проблемалардын бири. Жашоонун азыркы ыргагы, күндөлүк жашоого улам жаңы технологиялардын кирип жатышы өсүмдүктөр дүйнөсү, алардын элдин турмушундагы ролу тууралуу салттуу билимдердин тез унутулушуна алып келүүдө. Ошого байланыштуу акыркы жылдарда бүт дүйнөдө элдердин өсүмдүктөрдү пайдалануу тууралуу этноботаникалык маалыматтарды чогултуу жигердүү түрдө жүрүп жатат. Бүткүл дүйнөлүк саламаттык сактоо уюмунун, мамлекеттик эмес уюмдардын материалдарында чакан элдердин аймактык флораны пайдалануусунун өзгөчөлүкторүн изилдөө зарылдыгына көп көңүл бурулууда. Элдердин ден соолугу жөнүндө кам көрүү, ооруларды салттуу ыкмалар менен дарылоо тажрыйбасын изилдөө менен гана эмес, флораны биологиялык ар түрдүүлүктү сактоо максаты менен да шартталган. Анткени флорага жырткычтык мамиле анын айрым түрлөрүнүн жок болушуна алып келүүдө.

Кыргыздар салттуу коомдо курчап турган чөйрөгө өзгөчө мамиле жасаган. Табияттын сырларын терең үйрөнүп, аны менен айкалышып, ага аяр мамиле жасап, флора менен фаунаны туура пайдаланып келген. Ошол себептүү кыргыздардын салттуу чарбачылыгында, күндөлүк турмуш-тиричилигинде өсүмдүктөрдү пайдалануусу жана алардын элдик маданий мураска айланышы ар тараптуу иликтөөлөрдү талап кылат.

Этностордун жаратылышты таануусунун жана пайдалануусунун салттуу системасы жаратылыш чөйрөсүнө карата ыңгайлашат, бул этностук маданияттын ыңгайлашуусунун маанилүү механизминин чагылышы болуп саналат.

Бул изилдөөдө XIX к. аягы - XX к. башындагы кыргыздардын этномаданий мурасынын бири-өзүлөрүн курчап турган өсүмдүктөрдү - флораны таануусу жана аны турмуш-тиричилигинде колдонуусу каралат. Кыргызстандын аймактары географиялык шарты, экономикасы боюнча бири-биринен кескин түрдө айырмаланып турат. Кыргызстандын түштүгү менен түндүгүнүн географиялык чөйрөсү жана шарты ар башка. Ал өз кезегинде бул аймактарда жашап жаткан элдин турмуш-тиричилигине жана маданиятына таасирин тийгизет. Бул маанилүү маселе – кыргыздардын салттуу маданиятынын аймактык өзгөчөлүктөрү алигече өзүнчө изилдөө предмети боло элек.

Кыргыздардын чарбачылыкта, күндөлүк турмушта, элдик медицина жана ветеринарияда ж. б. флораны пайдалануунун кылымдар бою топтолгон элдик тажрыйбасы коомдук жана табигый илимдердин өкүлдөрү тарабынан XIX к. аягынан тарта изилденип келе жатат. XX к. акырынан тарта бул проблемага изилдөөчүлөрдүн кызыгуусу өстү. Бул багытта азыр атайын изилдөөлөр жүргүзүлүүдө жана бир топ илимий эмгектер жарыяланган. Мунун баары Кыргызстанда “Этноботаника” илимий багытынын калыптануусуна көмөк берди.

**Диссертациялык иштин темасынын ири илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы:** диссертациялык иш Баткен мамлекеттик университетинин А.А.Машрабов атындагы Сүлүктү гуманитардык-экономикалык институтунун “Филологиялык жана педагогикалык билим берүү” кафедрасында аткарылды жана жеке демилгелүү иш болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин негизги максаты:** Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүндө жашаган кыргыздардын өздөрүн курчап турган флораны күндөлүк турмушта пайдалануусунун өзгөчөлүктөрүн иликтөө.

**Максатка жетүү үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлду:**

1. өсүмдүктөрдөн жасалган турмуш-тиричилик буюмдарын, эмгек куралдарын жана алардын жасалыштарын ачып изилдөө;
2. дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөр жана алардан жасалган буюмдардын жасалыштарын ачып көрсөтүү;

анын ичинде РИНЦ системасына кирген илимий журналдарда жарыяланды. Диссертациялык тема боюнча диссертанттын 19 илимий макаласы жарык көргөн.

**Изилдөөнүн хронологиялык жана географиялык алкагы** XIX к. аягы - XX к. башындагы Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүн камтыйт (азыркы учурда бул аймакка Кыргызстандын Баткен облусунун Кадамжай, Баткен, Лейлек райондору кирет. Өзбекстан, Тажикстан республикалары менен чектешет, Сох, Шахимардан, Ворух анклавы, Ходжент областы орун алган).

**Диссертациялык иштин жалпы түзүлүшү.** Диссертация кириш сөздөн, 6 баптан (анын ичинде 14 параграфтан) турган негизги бөлүмдөн, корутундудан, колдонулган адабияттардын, маалымат берүүчүлөрдүн тизмесинен жана тиркемеден турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүү бөлүгүндө** теманын актуалдуулугу, изилдениши, диссертациянын максаты, милдеттери, анын жаңылыгы, апробацияланышы, структуралык бөлүнүшү берилди.

Биринчи бап **"Изилдөөнүн тарыхнаамеси"** деп аталып, эки бөлүмдөн турат биринчи бөлүмдө **Батыш, Чыгыш жана Россия окумуштууларынын изилдөөлөрү** каралды.

Өсүмдүктөрдү пайдалануу маселесине кызыгуу байыркы мезгилде эле башталган. Байыркы доордогу авторлордун эмгектеринин негизинде орто кылымдарда Европада да, Чыгыш өлкөлөрүндө да чөптөрдүн дарылык касиетине арналган эмгектер пайда боло баштайт.

Ал эми Фергана өрөөнү жөнүндө байыркы доордон тартып бир канча түрдүү эмгектер жазылган, алардын ичинде кытай, араб, перс жана түрк булактары өзгөчө орунду ээлейт. Бирок, окурмандар үчүн бул булактар жетүүгө кыйын бойдон калууда.

Фергана боюнча алгачкы маалыматтар б. з. ч. III кылымга таандык. Байыркы кытай адабияттарында Фергананын өсүмдүктөрү жөнүндө кээ бир маалыматтар кездешет.

Орто Азиянын, анын ичинде Кыргызстандын да, ар кайсы аймактарынын жаратылышы, жаныбарлар жана өсүмдүктөр дүйнөсү, аларды пайдалануу жөнүндөгү XIX к. аягы – XX к. башына тиешелүү маалыматтарды россиялык авторлордон кезиктиребиз. Атап айтканда Ч.Ч. Валиханов, П.П. Семенов-Тяньшанский, Н.М. Пржевальский, А.П. Федченко, И. В. Мушкетов, Н. А. Северцев, Г. И. Краузе, А. А. Кушакевич, А. Регель, В. В. Радлов, Д. А. Клеменц, В. В. Бартольд, Б. А. Федченко, А. Диваев, З. А. Минквиц ж. б. у. с. окумуштуулар тарабынан экспедициялар уюштурулуп, кыргыз элинин тарыхы, географиясы, табияты, фольклору, маданияты, флорасы, фаунасы ар тараптан изилденип, баалуу материалдар топтолгон. 1903-1917-жж. белгилүү ботаник Б. А. Федченко жетектеген экспедиция тарабынан Фергана өрөөнүнүн өсүмдүктөрүнүн үстүнкү катмары изилденип, кеңири мүнөздөмө берилген. Тилекке каршы, алар негизинен, кыргыздардын жашоо турмуш-тиричилигинин абалына, чарбачылыгына жана оозеки чыгармачылыгына көбүрөөк көңүл бурушкан.

XIX к. экинчи жарымынан - кыргыздардын Россиянын курамына кошулушунан баштап, кыргыздардын жаратылышын жана анын флорасын изилдөөнүн жаңы мезгили башталган. Кыргызстандын жаратылышын жана анын флорасын изилдөөнү биринчилерден болуп Орус географиялык коомунан П. П. Семёновдун жетекчилигинде уюшулган орус экспедициясы ишке ашырган. Ал Фергана өрөөнүндө жаңгак, кара жыгач жана өрүк токойлорунун өскөндүгүн кабарлайт. Анын эмгеги Кыргызстандын жаратылышын илимий изилдөөдө жаңы доорго жол ачкан.

Окумуштуу-саякатчы Ч. Ч. Валиханов, кийинчерээк, Н. А. Северцов Кыргызстандын түндүгүндөгү өсүмдүктөр дүйнөсү тууралу маалымат беришет.



Фергана чөлкөмүндө, анын ичинде Кыргызстандын түштүгүндө, А. П. Федченко тарабынан гүлдөөчү өсүмдүктөрдүн бай картографиялык материалы жана этнографиялык коллекциясы жыйналгандыгын белгилөөгө болот.

А. Ф. Миддендорф Фергана аймагында өстүрүлгөн маданий өсүмдүктөрдү мүнөздөп, жергиликтүү элдер чарбачылыкта колдонуп келишкен өсүмдүктөр Орто Азияда байыркы мезгилдерден бери эле өстүрүлүп келгендигин белгилейт.

XIX к. экинчи жарымында Кыргызстанды жана кыргыздарды атайын изилдөөгө алган Н. Л. Зеланд жайыттарда өскөн чөптөрдүн тоют катары өзгөчө баалуулугу, жапайы дарактар: тал, терек, кайың, кара жыгач, чынар терек, мисте, долоно; бадалдар: ит мурун, чычырканак, табылга, кара карагат ж.б.; багбанчылыкта өстүрүлүүчү : өрүк, шабдалы, алма, чие, жаңгак, жүзүм ж. б тууралуу сөз кылат.

Аталган авторлордун эмгектери изилдөөнү жүргүзүүдө бир кыйла маанилүү маалыматтарды бере алды, бирок, аларда калктын табигый өскөн жана дыйканчылык өсүмдүктөрдү ар тараптуу пайдалануусуна көп көңүл бурулбаган.

Экинчи бөлүм **XX к. Советтик, постсоветтик окумуштууларынын изилдөөлөрү** деп аталган. Совет мезгилинде кыргыздардын флораны пайдалануусу тууралуу кол өнөрчүлүк боюнча жазылган илимий изилдөөлөрдө аздыр-көптүр чагылдырылат. Бирок алардын көпчүлүгү Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө жашаган кыргыздардын арасында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн материалында жазылган. Кыргызстандын түштүк-батыш райондоруна тиешелүү материалдарды чагылдырган эмгектер саналуу гана кездешет.

С. М. Абрамзон көп жылдык изилдөөсүнүн натыйжасында кыргыз этнографиясынын башка маселелери менен катар элдик салттуу дарыгерчилигин жана андагы флораны пайдаланууну да изилдеген.

Кыргыз элинин жыгачтан жасалган буюмдарына жана жыгачты иштетүү ыкмаларына А. Ф. Бурковскийдин эмгеги далил боло алат. Е. И. Махованын материалдарында түрк элдери тиричиликте пайдаланып жүргөн боз үйлөрдү салыштыруу менен экиге ажыратып, аймактык айырмачылыктарын ачып көрсөткөн. К. И. Антипина Кыргызстандын түштүгүндөгү материалдык маданияттын жана колдонмо өнөрдүн өзгөчөлөгүнө, анын ичинде кыргыз элинин турмуш-тиричиликте пайдаланган жыгач буюмдарына, идиш-аяктарына жана алардын жасалыш ыкмаларына, аны менен катар тактайларга түшүрүлгөн оюуларга өзгөчө көңүл бурган. К. Антипина кол өнөрчүлүктө жүндөн жасалган буюмдарды боёо үчүн боекторду кыргыздар өсүмдүктөрдөн аларын белгилейт.

Этнограф А. С. Акматалиев да кыргыздардын кол өнөрчүлүгүнө арналган эмгектеринде флораны пайдаланууга көңүл бурган.

К. Мамбеталиева Сүлүктү жана Кызыл-Кыяда жашаган кыргыз-жумушчуларынын турмуш-тиричилигинде дан эгиндеринен жасалган тамак-аштарга, алардын жасалышына да кенен сүрөттөмө берген.

Алар менен катар этнографиянын айрым жактары тарыхчылар К. Үсөнбаевдин, Д. Айтмамбетовдун, филолог-окумуштуулар А. Батмановдун, К. К. Юдахиндин материалдарында чагылдырылат. К. Юдахин Лейлек жергесиндеги түштүк лексикасында түндүк диалектилеринде жок көптөгөн элементтер бар жана алардын түшүндүрмөсүн түштүк кыргыз чарбасында жана эзелки кыргыз – өзбек - тажик байланыштарында оңой эле табууга болот деп жазган.

Академик А. А. Алтымышев Кыргызстандын табигый дары-дармектери, дары чөптөрү тууралуу эмгектерди жарыялаган. Ал өзүнүн эмгектеринде дары чөптөрдү чогултуу, аярдоо, пайдалануу жөнүндө, дары чөптөрдүн аймактык өзгөчөлүктөрү жөнүндө талдоо жүргүзгөн.

М. Ганыбаева Түркстан тоо кыркаларындагы Исфана жана Лейлек сууларынын аралыгынын флорасы жөнүндө илимге баалуу жаңылыктарды киргизген.

табак, кашык жасашкан, комуз да чабышкан. Бирок, Кадамжай өрөөнүндө аны "буралып кетет" деп, - буюмдарды сейрек жасашып, көл өнөрчүлүккө көп колдонушкан эмес. Жыгач усталар башка жыгачтарга салыштырмалуу мырза теректи курулушка жана башка буюмдарды жасоого жумшартуу үчүн 2-3 жыл сууда кармашкан. Арча аталган аймакта кеңири тараган. Анын дарак жана жапалак, бадал сымал *сабыр, кызыл* жана *кара арча* (кадамжайлыктар тоо арча дешкен) деп аталган түрлөрү кездешет. Арчадан бешик, бакан (суу ташыганда эки чаканы (челек) ийинге көтөргөнгө ыңгайлуу болгон жылмаланган илгичи бар жыгач), кеселерди, чөмүч-кашыктарды жасашкан. Кесеге тамак куйганда жана ичкенде буркурап жыты келип турган. Шилби оор жана катуу келгендиктен, жыгачтын бул түрүнөн кол ийик, үзөңгү жана камчы сап сыяктуу аз санда гана буюмдар жасалган. Шилбиден ийик да жасалган. Табылгыдан өз мезгилинде жаанын окторун, камчынын сабын, калем сап, ийик ж. б. тиричиликке керектүү буюмдарды жасашкан.

Жыгачтан жасалган буюмдарды төмөнкүдөй топторго ажыратып кароого болот: 1 Сүт азыктарын пайдаланууда колдонулуучу аспаптар жана идиш-аяктар: челек, чара, чөмүч, аяк, чий, кашык, күп // гүпү (диалект), бишкек, чөйчөк, табак, тор ж. б. 2) дан эгиндерин жана андан ун алууда пайдалануучу аспаптар жана идиш-аяктар: соко, жаргылчактын сабы, айры // бешилик, жыгач күрөк, элек, галбыр (диалект), чары, сандык ж. б. 3) курулуш материалдары катарында пайдалануучу аспаптар жана буюмдар: устун, боз үйдүн жыгачтары (босого, керегe, уук, түндүк, бакан), эмгек куралдарынын саптары, ыранда (сүргү), сызытма, аптама ж. б. 4) тери жана жүн иштетүүдө пайдалануучу аспаптар жана буюмдар: кыргыч, ийлеме, тартма, ийик, бут ийик, тарак, шибеге ж. б. 5) мал чарбачылыгында пайдалануучу аспаптар жана буюмдар: ээр, камчы сап, төөнүн кому, акыр // агыр, жадынын негизи, бешилик // айры, чапкы, чөп, чий ж. б. 6) дыйканчылык иштеринде пайдалануучу аспаптар жана буюмдар: кетмен сап , чөкүч (чукулдук) сабы, күрөк сап, табак, жел челек ж.б. Чийди боз үйдүн керегесинин сыртынан калап коюуга же бир нерсени тосууга, азыктарды кургатууга ж. б. жумуштарга колдонушкан.

XIX к. аягы – XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздарын турмуш-тиричилигинде жыгачтан жасалган буюмдар маанилүү орунду ээлеген. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында жашаган кыргыздар өз аймагында өскөн өсүмдүктөрдүн, бак-дарактардын касиеттерин турмуштук тажрыйба аркылуу кеңири таанып билген. Ошондуктан аларды турмуш-тиричиликте, чарбада, кол-өнөрчүлүктө колдонууда бир кыйла ийгиликтерге жетишкен.

**Үчүнчү баптын экинчи бөлүмү өсүмдүктөрдүн ат таптоодо пайдаланылышына арналды.** Белгилүү болгондой, салттуу кыргыз оюндарынын бир бөлүгү жылкы менен тыгыз байланышкан (ат чабыш, эр оодарыш, көк бөрү (улак тартыш), тыйын эңмей, жамбы атыш ж. б.). Ат оюндары үчүн жылкыларды таптап көндүрүү керек болгон. Аттарды таптоонун маанилүү жагы, аларга бериле турган азык заттарга жана алардын олчөмүнө байланыштуу.

Улак тартыш оюнуна атайын атты 1 ай, 3 ай, 6 ай, кээде 1 жылга чейин таптап суутушкан. Иликтенген үч стационардык айылдарда төмөнкүдөй ыкмалар менен чабар аттарды суутуп даярдашкан. Жылкыны суутууда тоют катары буудай, арпа, сулу, мака (жүгөрү) жана бедени кеңири пайдаланып келишкен. Кадамжайдын Айрыбаз айылындагы саяпкерлер жылкыларды таптаганда мезгилине жараша ар түрдүү жемдерди мака (жүгөрү), буудай, күрүч, сулу, арпа ж. б. беришкен. Эң алгач жылкыны буудай менен макага тойгузуп, семиртип, ичине май байлаткан. Чабарга жакын ичиндеги майларды кетирүү үчүн аны сулуга жана арпага өткөрүшкөн. Кээде күрүчтү да сууга демдеп, буудайды сууга кайнатып бышырып, табын кайтарып беришкен. Аш казанына жеңил, жакшы сиңсин деген максатта буудайды сууга чылап, көптүрмө кылып да жедиришкен. Аябай семирип толгон мезгилде суусунун кандырыш үчүн, тамагын жакшы сиңирет деп чоң казанга көк чай кайнатып, жылуу кезинде ичиришкен. Жылкыны таптоо мезгилинде ага берген жем күн сайын көбөйтүлүп отурат. Көп жемди жей албай калган учурду "ат



кайтты" деп эсептешет жана кайрадан жемдин өлчөмүн күн сайын азайтып отурушат. Акырында баштапкы өлчөмдөгү жемди жеп калат.

Лейлектин Көк Таш айлында саяпкерлер атты жооза (май) жана саратан (июнь) айларынан тарта 6 ай бою атты түлөккө киргизген. Түлөккө киргизүү – улак жакындаганда атты күн тийбеген бир жайда байлап багуу дегенди түшүндүргөн, түлөккө байлайт, түлөккө таптады деп да айтылган. Ат багылган жерге күн тийсе бошоң болуп калат дешип, көлөкө (сая) жерде багышкан. Көбүнчө жылкыны арпа менен багып суутушкан. Арпа жем берүүнүн убагы: таң атырып, таң сүрүлгөндө. Кечинде асманга бирин-серин жылдыз чыккан убакта (асманга жылдыз толбой деп айтышкан) экинчи ирет жем беришкен. Кээ бир чабандестер жемди-күн чыгарып беришкен, экинчи жолу – күн батарда. Арпа жем менен кошо бедени да беришкен. Кээ бир саяпкерлер улакка жакын калганда бедени гүлүн бирден жулуп, күбүп салып, чөкүрүнү (сөңгөгүн) гана беришкен. Жылкыны улак оюнунда чабуучу чабандести да мелдешке даярдашкан. Чабандести күчтүү тамак-аш менен тамактандырган. Алсак, думбулду (жүгөрү сотосунун быша элек ширелүү кези) ысык келет дешип, очоктун же тандырдын күйүп бүткөн чогуна (корго) көмүп, бышырып беришкен. Тамактангандан 2 сааттан кийин машыга башташкан.

Балбан күрөш (жергиликтүү аталышы *бел боо күрөш*) оюнуна да, улак чабыштай эле чоң маани беришкен. Балбандарды (палбан) күрөшкө даярдаганда адамга күч-кубат берүүчү дары өсүмдүк-күчаланын данын аз-аздан кымызга кошуп беришип, каруусун күчкө толтурушкан.

Ошентип, чабандести да улакка катышууга жана жылкыны да суутуп мелдешке даяр кылышкан. Ат таптоо ат мүнөзү менен катар өсүмдүктөрдүн да касиети тууралуу билимсиз, тажрыйбасыз мүмкүн эмес. Флоранын касиеттерин терең таанып билүү ат кабылган түрдүү ылаңдардан, кырсыктоолордун кесепеттеринен арылтууга да мүмкүнчүлүк берген.

**Үчүнчү баптын "Дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөр, алардан жасалган буюмдар жана алардын колдонулушу"** деп аталган үчүнчү бөлүмүндө колдо өстүрүп алынган өсүмдүктөрдөн жасалган буюмдар тууралуу сөз болот. Дыйканчылык маданият Фергана өрөөнүндө мурдатан эле болуп келген.

Дыйканчылыкта жердин шартына жараша төмөнкүдөй дан өсүмдүктөрүнүн түрлөрүн эгишкен: 1) Суусу кеңири, суулуу жерлерде жашаган элдер: Сох, Исфайрам, Кожо Бакырган (Козу Баглан) жана Ак Суу дарыяларын жээктеп буудай, арпа, күрүч, жүгөрү, буурчак, маш, зыгыр ж. б. 2) Суусу тартыш кайрак жерлерге буудай, арпа, нокот жана сулу ж. б. эгишкен.

Эгинди ун кылып тартууда үй-бүлөлүк деңгээлде жаргылчакта аз-аздан утуру майдалап, ун алынса, көбүнчө, буудай суу тегирменде тартылган. Баткен, Кадамжай, Лейлек өрөөндөрүндө дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөр жана алардан жасалган буюмдар элдин жашоосунда маанилүү орунду ээлеп келген. Өсүмдүктөрдөн өндүрүлгөн буюмдар көчүп-конууда алып жүрүүгө ыңгайлуу, ден-соолукка да пайдалуу. Буюмдардын жасоо ыкмасын мыкты билген усталар жана уздар, кийинки муундардын өкүлдөрүнө, шакирттерине буюмдарды жасоонун ыкмаларын, сырларын калтырып кетишинин өзү, элдик өнөрдүн өсүп-өнүгүшүнө маанилүү өбөлгө түзгөн.

**"Өсүмдүктөрдү азык жана дары катары пайдаланылышы"** деп аталган **төртүнчү баптын биринчи бөлүмүндө ("Өсүмдүктөрдү тамак-аш, суусундук катары пайдаланылышы жана жасалышынын элдик ыкмалары")** өсүмдүктөрдөн алынган тамак-аш жана суусундуктар тууралуу айтылат. XIX к. аягы – XX к. башында изилденген аймакта жашаган кыргыздар флоранын (өсүмдүктөрдүн) төмөнкү үч түрүн азык катары пайдаланышкан: эгилме өсүмдүктөрдөн алынуучу азыктар; жапайы өсүмдүктөрдөн алынуучу азыктар; бакчачылыкта өстүрүлгөн жашылчалар жана багбанчылыкта өстүрүлгөн дарактардын мөмө-жемиштери. Алардан (өсүмдүктөрдү) тамак-аш жасап, же жасап жаткан тамактарынын даамын жакшыртуу максатында өсүмдүктөрдү кошуп даярдашкан.

_2_2022_%D0%B3%D0%BE%D0%B4._%D0%A1%D1%83%D0%BB%D1%83%D0%BA%D1%82%D1%83._PDF_159-164.pdf. - Загл. с экрана.

16. Абдиева, А. М. Кыргыздардын салттуу дарыгерчилигинде өсүмдүктөрдү таанып билүүсү (баткен облусундагы тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрдүн негизинде) [Текст] / А. М. Абдиева // ОшМУнун жарчысы. Тарых. - Ош 2023. - №1 (2). - Режим доступа: https://cyberleninka.ru/article/n/kyrgyzdardyn-salttuu-darygerchiliginde-s-md-kt-rd-taanyp-bil-s-batken-oblusundagy-taryhyy-etnografiyalyk-izild-l-rd-n-negizinde. – Загл. с экрана.

17. Абдиева, А. М. Кыргыздардын элдик дарыгерчиликте "күчала" өсүмдүгүн пайдалануусу [Текст] / А. М. Абдиева / ОшМУнун жарчысы. Тарых. – Ош, 2023. - №1 (2). - С. 57-61. https://journal.oshsu.kg/index.php/history/article/view/837. – Загл. с экрана.

18. Абдиева, А. М. Советтик, постсоветтик окумуштуулардын өсүмдүктөр дүйнөсүн таанып билүү боюнча изилдөөлөрү [Текст] / А. М. Абдиева, Ж. Т. Рысбаева, Миталип у. А. / ЖАМУнун жарчысы. – 2024. - №3-2 (62). - Режим доступа: https://drive.google.com/file/d/18M5KC31ubLDhDnRxVC9g2m40ZghOD1Hf/view?usp=sharing. - Загл. с экрана.

19. Абдиева, А. М. Использование растений при лечении домашних животных у кыргызов Ферганской долины [Текст] / А. М. Абдиева, В. Э. Анарбекова, А. А. Асанканов, И. И. Назаров, Ч. Т. Сатыбалдыева. / «Этнография Алтая и сопредельных территорий в дискурсе новационных и традиционных подходов: антропологическое измерение региональной истории и культуры народов». Материалы 12-Междунар. научн. конф, г. Барнаул, 29-30-окт. 2024 г. – Барнаул, 2024. - Вып. 12. -С.64-68. https://drive.google.com/file/d/1BZxGxpm910-dKHD3026FHn47N-kpdrEY/view?usp=sharing. Загл. с экрана



**Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын "Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы)" деген темада 07.00.07-этнография, антропология жана этнология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** өсүмдүктөр дүйнөсү, салттуу билимдер, жыгачтан жасалган шаймандар, элдик дарыгерчилик, дары чөптөр, кол өнөрчүлүк, салттуу маданият, дан эгиндери, боёктор, каада салт, жөрөлгөлөр.

**Изилдөөнүн объектиси** - Кыргыздардын өсүмдүктөрдү таанып билүүсү жана аларды колдонуусу (XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башы).

**Изилдөөнүн предмети** - XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш чөлкөмүндө жашаган кыргыздардын салттуу маданиятынын түзүмүндөгү өсүмдүктөр дүйнөсүн таанып билүүсү, аларды күндөлүк чарбада, турмуш-тиричиликте пайдалануунун салттуу ыкмалары, өсүмдүктөр дүйнөсүнөн алынуучу материалдардан жасалчу эмгек шаймандары, үй-тиричилик буюмдары, боёктор, дары-дармек, сулуулук каражаттары болуп саналат.

**Илимий изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш кыргыздарынын өсүмдүктөрдү күндөлүк турмушта пайдалануусу боюнча ар тараптан иликтөө жүргүзүлдү, алардан жасалган буюмдардын, тамак-аш, дары-дармектердин жасалышынын элдик ыкмалары, өсүмдүктөрдү каада-салт, ырым - жырымдарда пайдалануу каралды жана айрым өсүмдүктөрдүн жергиликтүү элдин руханий дүйнөсүндөгү орду аныкталды.

**Изилдөөнүн методологиясы:** Изилдөөнүн методологиясынын негизин алдыңкы окумуштуулардын, тарыхчылардын, этнографтардын теориялык иштеп чыгуулары түзөт.

**Илимий иштин жаңылыгы:** Аткарылган эмгек кыргыз этнология илиминде XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын өсүмдүктөрдү күндөлүк турмуш-тиричиликте пайдалануусун атайын өзүнчө изилдөөгө аракет жасаган алгачкы эмгек болуп саналат.

**Изилдөөнүн илимий-теориялык жыйынтыктары:** кыргыздардын тарыхый этнографиялык илимий эмгектеринде камтылышы мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** Эмгек кыргыздардын өсүмдүктөрдү салттуу пайдалануу ыкмалары тууралуу жалпы эле кыргыз этнографиялык окуу китептеринде жана лекциялык маалымат катары колдонулушу ыктымал.

**Илимий-тажрыйбалык мааниси:** Иштин практикалык мааниси тарых, этнология жана маданият тарыхы боюнча фундаменталдуу изилдөө иштерин жазууда колдонула турган фактылык материалдардын бири болуп саналат. Тарыхчылардын, археологдордун, этнографтардын жана маданият таануучулардын изилдөө практикасында маанилүү жардамчы боло алат.

## РЕЗЮМЕ

**Абдиева Айшахан Мухаматкуловна «Кыргызские знания о растениях и способах их использования (конец XIX века – начало XX века)»**
**«07.00.07- диссертация написана на соискание ученой степени кандидата исторических наук**

**Ключевые слова:** растительный мир, традиционные знания, деревянные инструменты, народная медицина, лекарственные травы, ремесла, традиционная культура, зерновые, краски, традиции, ритуалы.

**Объект исследования:** Познание и использование растений кыргызов (конец XIX века - начало XX века).

**Предметом исследования являются** - XIX в. конец XX в. первоначально кыргызы, проживающие в юго-западном регионе Ферганской долины, знали растительный мир в структуре своей традиционной культуры, традиционные методы их использования в повседневном хозяйстве, быту, орудия труда из материалов растительного мира, предметы быта, краски, лекарства, косметические средства.

**Цель и задачи научного исследования**: - Проведено всестороннее исследование использования растений юго-западными кыргызами Ферганской долины в быту, рассмотрены народные способы изготовления из них изделий, продуктов питания, лекарств, использование растений в обрядах, обрядах и определено место отдельных растений в духовном мире местного народа.

**Методологическая основа исследования:** Методы исследования основу составляют теоретические разработки ведущих ученых, историков, этнографов.

**Научная новизна исследования:** В Кыргызской этнологической науке впервые объектом и предметом исследования рассматриваются познание кыргызами растений, традиционная медицина.

**Научная теоретические результаты исследования:** результаты могут быть включены в исторические - этнографические научные труды кыргызов.

**Область применения:** Труд о традиционных методах использования растений кыргызами в целом может использоваться в книгах и в качестве лекционной информации.

**Научная и практическая ценность:** Практическая значимость работы заключается в проведении фундаментальных исследований по истории, этнологии и истории культуры. является одним из фактических материалов, которые можно использовать при написании. По мнению историков, археологов, этнографов и может быть важным помощником в исследовательской практике ученых.





## Summary

**Abdieva Aishakhan Mukhamatkulovna "Kyrgyz knowledge about plants and methods of their use (late 19th century – early 20th century)" "07.00.07- dissertation written for the degree of candidate of historical sciences**

**Keywords:** flora, traditional knowledge, wooden tools, traditional medicine, medicinal herbs, crafts, traditional culture, grains, paints, traditions, rituals.

**The object of research:** The knowledge and use of Kyrgyz plants (the end of the XIX century - the beginning of the XX century).

The subject of the study is the XIX century the end of the XX century initially, the Kyrgyz living in the southwestern region of the Ferghana valley knew the flora in the structure of their traditional culture, traditional methods of their use in everyday life, household tools made of plant materials, household items, paints, medicines, cosmetics.

**The purpose and objectives of the scientific research: -** A comprehensive study of the use of plants by the southwestern Kyrgyz of the Ferghana valley in everyday life was conducted, folk methods of making products, food, medicines from them were considered, the use of plants in rituals, rituals and the place of individual plants in the spiritual world of the local people was determined.

**Methodological basis of the research:** The research methods are based on the theoretical developments of leading scientists, historians, and ethnographers.

**Scientific novelty of the research:** In Kyrgyz ethnological science, for the first time, the object and subject of research are the knowledge of plants by Kyrgyz people, traditional medicine.

**Scientific theoretical results of the study:** the results can be included in the historical and ethnographic scientific works of the Kyrgyz people.

**Scope of application:** The work on traditional methods of using plants by Kyrgyz people in general can be used in books and as lecture information.

**Scientific and practical value:** The practical significance of the work lies in conducting fundamental research on history, ethnology and cultural history. It is one of the factual materials that can be used when writing. According to historians, archaeologists, and ethnographers, it can be an important assistant in the research practice of scientists.